**Ибирайым кызы А.**
**19.04.2014**

# Информатика: 7-класс үчүн жумушчу дептер

Аталган жумушчу дептер мектеп окуучуларынын Информатика предметин окуп үйрөнүүнүн алгачкы практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга арналып, 7-класс үчүн түзүлдү. Бул дептерде окуучулар компьютерде түздөн-түз иштөөчү практикалык иштер, атайын тапшырмалар менен иштешет. Бул өз кезегинде өтүлгөн материалдарды бекем өздөштүрүүлөрүнө шарт түзөт.

Ал эми ар бир бөлүмдөрдүн аягындагы текшерүү баракчалары окуучулардын алган билимдерин текшерип, баалап, кийинки бөлүмдү жеңил окутуп-үйрөтүүгө мүмкүндүк берет.

Аталган дептер боюнча толук маалыматты Кыргыз билим берүү академиясынын Технология жана искусство лабораториясынан алууга болот.